инв. 1896

Сазанов Багыш

„Үмөтөйдүн окуясы"

Семетей

№ 173 1979 г.
2 = деп.
127-229 стр.

Институт языка, литературы Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
№ 173

Институт языка, литературы Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
№ ~~1006~~

# „Чмотойдун окуясы".

Айткан: Сазанов Багыш.
Жазган: Насматова Элмад.
1949-ж.
Фрунзе шаары.

Институт языка, литературы и ист...
Отдел рукописей
Инв. № 173
102 ор. 1979 г.
... АН СССР ...

# I. Үмөтөйдүн окуясы.

Кыл-Эттиштин сазында,
Чытырмандын башында,
Калың казак элинде,
Кыл-Эттиштей жеринде,
Үмөтөй кабар салыптыр:
„Калың кара казактан,
Өткөрө баатыр оюң кел,
Өлүмдөн коркпос эриң кел,
Жол баштачуу кашкаң кел,
Жорук билчүү жакшың кел.
Кайда барсам канкорго,
Тең болбодум беречи,
Атасы сайган анткорго!
Казатына чакырса,
Баш бурбастан баргамын,
Казатына барганда,
Калдайтын жылкы алганда.
Жонгучканын ононда,
Тең болбодум олжого,
Олжону аргын алабы.
Төрт эле миңдей жылкы алып,
Ар[illegible] асылдын баарынан,
Үмөтөй куру калабы!
Асылдан куру калгыча,
Атаңдынгөрү көп казак,
Котуйгаштай көп казак.
Казак, кыргыз бир туган,
Олжону кыргыз алабы,
Казактар куру калабы!
Каза жетсе өлөмү,

Карагай найза кайрышып,
Как жүрөккө малышып,
Карсылдашып көрөлү.
Доолого найза кайрышып,
Так жүрөккө малышып,
Кайнуу канга толушуп,
Козголгусуз болушуп,
Бели канга толушуп,
Бери баккыз болушуп.
Тээ түбүнө түшүшүп,
Туу такандан учушуп.
Ажал жетсе өлөлү,
Бул канкордон көрөлү.
Ушу сөзүм акылбы,
Уга турган макулбу?"
Кары, жашы бүркүрөп,
Өткөрө баатыр ор айтып,
Барабыз деп баары айтып.
Өлүмдөн катуу кайтабыз,
Кайнаган кара казактан,
Ак сакалдуу кары айтып:
Ошо күндөн ушу күн,
Айдап жылкы албадык,
Чачыкейдей долунун,
Айбын бийге салбадык.
Эч болбосо канкорду,
Чачыкейдин калың деп,
Кууп жылкы албадык.
Калың казак көп болуп,
Кубанычка канбадык!
Үч-Кошойдун колмодо,

Манастан калган баягы,
Кылдоп аткан көп сурча,
Добулбас кагып алалы,
Айдап жолго салалы.
Жайкын жаткан ногойго,
Барып курбон салалы,
Карарып жаткан арчындын,
Барып тынчын алалы.
Денизсиген канкорго,
Арбак берсе кудурет,
Денизсиген канкордун,
Азапка башын салалы.
Мажиттин уулу Кулчоро,
Адамдан ашык эр эле,
Эрдиги ашык неме эле.
Айтканындаката жок,
Кара кандуу, көк беттүү,
Шек кылалын ошондон.
О Кулчоро болбосо,
Берип кылаалын канкорду.
Бешине саадат бууганды,
Энем эркек туугандыр.
Менин атам кан Кокчо,
Ак боз бээден сойгондур.
Ак сакалдуу казактар,
Жалпы казак чогулуп,
Ак сакалдуу карысы,
Кожомолдо чогулуп,
Атымды Чиотой деп койгондур.
Менин атам кан Кокчо,
Чиотой деп билгендир,